«Бекитемин”

К.Маликов атындагы ЖББО

мектебинин директору:________

Чортонова Н.Т

1. Мугалимдин кызматтык милдеттери:

-педагогикалык учурду жана окуткан сабагынын өзгөчөлүгүн эске алуу менен жогорку илимий жана усулдук деңгээлде окуучуларга сабак өтөт;

-окуучуларды окуутунун ар кандай окутуу калыптарын, усулдарын жана каражаттарын колдонот;

-мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана жалпы билим берүү программаларынын негизинде автордук жалпы билим берүү программаларынын жана окутуу-усулдук китептерин иштеп чыгат жана окутуунун жаңы технологияларын киргизет;

-окуткан сабагы боюнча окутуу материалдарын пландаштырат, жалпы билим берүү программаларын аткарууну жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын базистик деңгээлиндеги талаптарын бардык окуучулар тарабынан өздөштүрүүнү камсыз кылат, алардын жөндөмдөрүн жана көнүгүүлөрүн калыптандырып, алган билимдерин тажрыйбалык колдонуга даярдайт;

-окуучуларды сабактар боюнча олимпиадаларга жана конкурстарга катышууга даярдайт;

-окуучуларды класстан класска которуу сыноолорун өткөрөт , ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясына катышат;

-мектепке тийиштүү документацияны туура жана өз учурунда толтурат;

-педагогикалык кеңешинин чогулуштарына , усулдук бирикмелерине ж.б. катышат;

-Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикаларын окутууну, “Манас” эпосунда, ошондой эле кыргыз жана республикада жашаган башка улуттардын жакшы каада-салттарында аныкталган негизги жалпы адамзаттык принциптеринин негизинде окутуу-тарбиялоо ишин алып барат;

-окуу планынын мектептик компонентин аткарып, сабак боюнча жана башка кружокторун жетектейт;

-окуучулардын ата-энелери менен туруктуу байланышта иш алып барат;

-класстагы окутуу чөйрөнүн абалын байкоо жүргүзүп, класс жетекчисине билдирет;

-окуучулардын жеке-психологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдеп, алардын жетишкендиктерин анализдейт, ошондой эле окууту тартибин тутуусун жана сабактарга катышууларын камсыз кылат;

-өзүнүн кесиптик жана дасыктык даярдыгын системдүү жогорулатат;

-балалыкты коргоонун, жашы жетпегендердин укуктарын жана кызыкчылыктарын

-окуучуларды окуу китептери менен камсыздалышын жана аларды сактоону көзөмөлдөйт;

-тийиштүү сабак боюнча окуу кабинетин заманбап каражаттар жана окуу-дидактикалык материалдар менен камсыздалышын пландаштырат;

-сабакта жана класстан тышкары иш-чараларды өткөрүү учурунда бекитилген окуучуларынын контингентинин өмүрлөрүн жана ден соолуктарын сактоого персоналдык жоопкерчилик тартат;